Иш №АД-403/23 абс5
К/ө №06-32/23 АД

# ТОКТОМ
# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН

2023-жылдын 15-майы                                        Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясы курамында төрагалык кылуучу Темирбеков Л.,
судьялар: Токбаева А.А., Акматов Б.Дж.,
сот отурумунун катчысы Бейшеналиева Ж.,
И. Якубовдун жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын өкүлдөрү – А. Жолдошбековдун, М. Кутбердиеванын (2023-жылдын 24-апрелиндеги жана 2022-жылдын 26-декабрындагы ишеним каттардын негизинде) катышуулары менен,

ачык соттук отурумда И. Якубовдун Бишкек шаарынын административдик сотунун 2023-жылдын 8-майындагы чечимине карата келтирилген кассациялык даттануусун карап,

## Т А П Т Ы :

Якубов Ильязбек Абдувалиевич Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 4-майындагы №89-чечимин, аны талапкер катарында каттоодон баш тартуу аракетин мыйзамсыз деп таап, аны №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча өзүн өзү көрсөтүү тартибинде талапкер катарында каттоону Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына милдеттендирүү жөнүндө административдик доо менен сотко кайрылган.

Бишкек шаарынын административдик сотунун 2023-жылдын 8-майындагы аныктамасы менен И. Якубовдун №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча өзүн өзү көрсөтүү тартибинде талапкер катарында каттоону Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына милдеттендирүү жөнүндөгү талабы боюнча иш өндүрүшү токтотулган.

Бишкек шаарынын административдик сотунун 2023-жылдын 8-майындагы чечими менен И. Якубовдун Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 4-майындагы №89-чечимин, аны талапкер катарында каттоодон баш тартуу аракетин мыйзамсыз деп табуу жөнүндөгү административдик доосу канааттандырылуусуз калтырылган.

*(торагалык кылган Тагаев М.М.)*

Кабыл алынган биринчи инстанциялык соттун чечими менен макул болбой, И. Якубов Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кассациялык даттануу менен кайрылып, анда №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин депутаттыгына өзүн өзү көрсөтүү жолу менен талапкер катары Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына арыз бергендигин, бирок Борбордук комиссия 2023-жылдын 4-майындагы №89-чечими менен талапкер катарында каттоодон негизсиз баш тарткандыгын, бул аракети Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинин 1-бөлүгүнө каршы келээрин белгилеген.

Ошондой эле, биринчи инстанциядагы сот да, Конституциянын 6-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алуу менен иш алып баруусу керек болсо, андай болбой анын административдик доосун негизсиз канааттандырылуусуз калтыргандыгын көрсөтүп, Бишкек шаарынын административдик сотунун 2023-жылдын 8-майындагы чечимин жокко чыгарып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын2023-жылдын 4-майындагы №89-чечимин жокко чыгарууну сураган.

Соттук отурумга мыйзамдын талаптарына ылайык тийиштүү кабардар болгон Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын өкүлү келген жок. Соттук коллегия Кыргыз Республикасынын АПКнын 259-беренесинин 5-бөлүгүнүн негизинде ишти анын катышуусуз кароого тоскоолдук жок деген бүтүмгө келет.

Соттук отурумда И. Якубов кассациялык даттанууну колдоп, аны канааттандырып берүүнү сураган.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын өкүлдөрү – А. Жолдошбеков жана М. Кутбердиева биринчи инстанциядагы соттун чечимин күчүндө калтырууну сурады.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясы иш материалдарын изилдеп, сотко катышуучулардын түшүндүрмөлөрүн угуп, кассациялык даттануунун жүйөлөрүн талкуулап, биринчи инстанциялык сот тарабынан укук ченемдердин туура колдонулгандыгын текшерип, төмөндөгүдөй бүтүмгө келет.

Иштин материалдарына караганда, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 4-майындагы №89-чечими менен өз шайлоо фондун түзбөгөндүгүнө жана шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн ырастоочу документин бербегендигине байланыштуу И. Якубовду Бишкек шаарынын №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер катары каттоодон баш тартылган.

Аталган чечим менен макул болбой И. Якубов жогорудагыдай административдик доо менен сотко кайрылган.

Биринчи инстанциядагы сот, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 60-1, 61-беренелерине шилтеме жасап, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 4-майындагы №89-чечими мыйзамдуу кабыл алынгандыгын белгилеп, И. Якубовдун административдик доосун канааттандыруусуз калтырган.

Соттук коллегия биринчи инстанциядагы соттун тыянагы менен макул болот.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 76-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-абзацына ылайык Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат.

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 60-1-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерди депутаттыкка көрсөтүү талапкердин өзүнүн ушул шайлоо округу боюнча талапкерлигин добушка коюу нияти жөнүндө арызын Борбордук шайлоо комиссиясына берүү жолу менен жүргүзүлөт. Мында талапкер жеке каражаттарынан Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын эсебине мыйзамдарда көрсөтүлгөн эсептик көрсөткүчтүн миң эселенген өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн төгөт.

Конституциялык Мыйзамдын 61-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунда жана 1-1-бөлүгүндө бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка талапкерди каттоо үчүн талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин Борбордук шайлоо

комиссиясына өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде талапкерди көрсөтүү жөнүндө арызды жана шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн ырастоочу документти берет деп көрсөтүлгөн.

Ошону менен бирге аталган конституциялык Мыйзамдын 62-1-беренесинин 1-бөлүгүндө депутаттыкка талапкер шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте өздүк шайлоо фондун түзөөрү көрсөтүлгөн.

№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлерди каттоо үчүн документтерди берүү мөөнөтү 2023-жылдын 30-апрелинде саат 18:00дө аяктаган. Бирок иштин материалдарына караганда, депутаттыкка талапкер И. Якубов жогорудагы конституциялык Мыйзамдын талаптарын аткарып, шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн жана өздүк шайлоо фондун түзгөндүгүн ырастоочу документтерди аталган убакытка чейин Борбордук шайлоо комиссиясына бербегендиги көрүнөт.

Ал эми аталган конституциялык Мыйзамдын 61-беренесинин 7-бөлүгүнүн 1 жана 5-пункттарына ылайык талапкердин шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн ырастоочу документти Борбордук шайлоо комиссиясына бербегендиги жана өздүк шайлоо фондун түзбөгөндүгү, аны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмесине каттоодон баш тартууга негиз болот.

Демек, биринчи инстанциядагы сот, И. Якубовдун административдик доосун канааттандыруусуз калтырып, туура тыянакка келген, андыктан соттук коллегия анын чечимин мыйзамдуу жана негиздүү деп таап, күчүндө калтырылууга жатат деп эсептейт.

Кассациялык даттануунун жүйөлөрү даттанылган соттук актыны жокко чыгарууга негиз боло албайт жана иштеги материалдар менен четке кагылат.

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 201, 203, 261, 263, 265-беренелерин жетекчиликке алып, соттук коллегия

## Т О К Т О М  К Ы Л А Т:

Бишкек шаарынын административдик сотунун 2023-жылдын 8-майындагы чечими күчүндө калтырылсын.

Токтом жарыя кылынган учурдан тартып токтоосуз мыйзамдуу күчүнө кирет, акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт.

**Төрагалык кылуучу** **Л. Темирбеков**

**Судьялар:** **А. Токбаева**

**Б. Акматов**